“БЕКИТЕМИН”
Б.Т.Турусбеков атындагы
Кыргыз мамлекеттик дене
тарбия жана спорт
академиясынын ректору,
т.и.к., доцент С.С. Азизбаев
_______________
«___» ___06___ 2024-ж

**Манашева Кенжегүл Пазыловнанын “Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетентүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери” аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, саламаттыкты сактоо жана адаптивдик дене тарбиянын теориясы менен методикасы адистиктери боюча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин талкуулоо боюнча педагогика, психология жана дене тарбия тарыхы кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын 2024-жылдын 6-мартындагы №5-протоколунун**

# К Ө Ч Ү Р М Ө С Ү

**Катышкандар:**

1. Токсонбаев Р. Н. – педагогика, психология жана дене тарбия тарыхы кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.01);
2. Анаркулов Х. Ф. – педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.01; 13.00.04);
3. Саралаев М. К. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.04);
4. Иманалиев Т. Т. – педагогика илимдеринин кандидаты, профессор (13.00.04 );

5. Абдуллаев М. Т. – педагогика илимдеринин кандидаты, ага окутуучу (13.00.01; 13.00.04);

6. Абдыбекова Н. А. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а (13.00.01);

7. Айбалаев Х. Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а (13.00.01; 13.00.04);

8. Исакова Ж. Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. (13.00.01);

9. Мамбетова М. К. – педагогика илимдеринин кандидаты, ага окутуучу (13.00.01);

10. Мусалиева К. К. – ага окутуучу;

11. Джунушбаева А. О. – ага окутуучу;

12. Халиалдаева А. С. – ага окутуучу, магистратура бөлүмүнүн башкы адиси.

Жыйындын төрайымы: Исакова Ж. Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.

Жыйындын катчысы: педагогика илимдеринин кандидаты, ага окутуучу Тажибаева У. К.

## КҮН ТАРТИБИ:

**1. Манашева Кенжегүл Пазыловнанын "Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетентүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери" аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, саламаттыкты сактоо жана адаптивдик дене тарбиянын теориясы менен методикасы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкулоо.**

**2. Манашева Кенжегүл Пазыловнанын «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» аттуу темадагы диссертациясы боюнча кандидаттык экзамен үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкуулоо.**

**Диссертациялык иш:** Б. Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, психология жана дене тарбиянын тарыхы кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчи:** Токсонбаев Р. Н.- педагогика илимдеринин доктору, профессор.

**Төрайым:** Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер, бүгүнкү отурумда төрайым кылууга ишеним көрсөткөнүңүздөр үчүн терең ыраазычылык билдирем. Бүгүн, К. П. Манашеванын «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетентүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, саламаттыкты сактоо жана адаптивдүү дене тарбиянын теориясы менен методикасы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулайбыз. Ушул күн тартибиндеги маселени баштоого добуш берип койсоңуздар.

ДОБУШ БЕРҮҮ: “Макул” – бардыгы. Күн тартиби бир добуш менен бекитилди.

Диссертациянын негизги мазмунун, маңызын, максатын жана өзөктүү жерлерин айтып берүү үчүн сөз изденүүчүгө берилет.

Изденүүчү Манашева Кенжегүл Пазыловна диссертациялык ишинин мазмуну, актуалдуулугу, максаты, милдеттери, изилдөөнүн объектиси, предмети, илимий жаңылыгы, коргоого коюлуучу негизги жоболор жана изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы жана жайылтуусу,

диссертациялык иштен алынган илимий көрсөткүчтөрдүн толуктуулугунун чагылдырылуусу, диссертациялык иштин түзүлүшү жана көлөмү тууралуу маалыматтар слайд жана баяндамасы угулду (баяндама тиркелет).

**Жыйындын төрайымы:** Урматтуу кесиптештер, баяндама бүттү, кимде кандай суроолор бар?

**Саралаев М.К. – педагогика илимдеринин кандидаты., доцент.** Менин биринчи суроом. Педагогикалык изилдөө иштери кайсы жакта өткөрүлдү?

**Изденүүчү:** Урматтуу Марат Кыдыкеевич, суроoңузга ырахмат.

Педагогикалык эксперимент иштер Б. Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене-тарбия жана спорт академиясында жана А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде өткөрүлдү. Изилдөө иши үч этаптан турду:

биринчи этап 2020-2021-ж.ж.;

экинчи этап 2021-2022-ж.ж.;

үчүнчү этап 2022-2023-ж.ж.

**Экинчи суроом.** Компетенттүүлүк дегенди кандай түшүнөсүз?

**Изденүүчү:** компетентүүлүк – бул латын тилинен алганда ылайык келүү, шайкештик, жөндөмдүү, иш билгилгилик дегенди түшүндүрөт. Тактап айтканда, инсан белгилүү бир кырдаалда өзүнүн окуу, инсандык, кесиптик билим билгичтигин жана ишмердүүлүгүн өз алдынча колдоно билүүсү.

**Жыйындын төрайымы:** Урматтуу кесиптештер, менде да суроо бар эле өзүмдүн суроомду берейин.

**Исакова Ж.Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты., доценттин м.а.** Изилдөөнүн кандай жоболору, илимий жаңылыгы, практикалык маанилүүлүгү боюнча айтып берсениз?

**Изденүүчү:** Урматтуу Жанна Жаманкуловна, суроoңузга ырахмат!

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:

– кыргыз улуттук спорту тогуз коргоол боюнча дене тарбия мугалимдерин даярдоодо адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-

теориялык негиздери аныкталды;

– тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн модели түзүлдү;

– дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетентүүлүгүн калыптандыруунун критерийлери, денгээли, көрсөткүч компоненттери иштелип чыкты;

– түзүлгөн моделдин натыйжалуулугун педагогикалык эксперименттин жардамы менен текшерилди жана аныкталды.

**Жыйындын төрайымы:** Токтобек Тыбынович суроонузду бериңиз.

**Иманалиев Т.Т. – педагогика илимдеринин кандидаты., профессор.** Менде бир нече суроо бар.

**Биринчи суроом.** Айтыңызчы, изилдөөнүн актуалдуулугунда "демократиялаштырылган"деген сөз эмнени түшүндүрөт?

**Изденүүчү:** Урматтуу Токтобек Тыбынович, берген суроонузга ырахмат. Демократия – бул эл бийлигине негизделген саясий түзүлүштүн формасы. Коомду демократиялаштыруу процесси билим берүү системасынан башталат. Жогорку окуу жайларындагы билим берүү процесси коомдо колдоого алынышы керек, коомдун талабына ыктап билим берүү зарыл.

**Экинчи суроо.** Бул теманын актуалдуулугу эмнеде жана бул теманы эмне себептен тандап алдыныз?

**Изденүүчү:** Экинчи суроонузга төмөндөгүчө жооп берейин: Тогуз коргоол оюну азыркы мезгилде барган сайын өркүндөп, эл арасында кенен тараган кызыктуу оюндардын бирине айланып бара жатат. Бирок, ошол эле учурда тогуз коргоол боюнча адистердин жетишсиздиги, окуу методикаларнын аздыгы, окуу процессинде (кээ бир окуу жайларда) сабактар өтүлбөй жаткандыгы болочок адистерди даярдоо зарылчылыгы биздин теманын актуалдуулугун тастыктайт.

**Үчүнчү суроо.** Кесиптик компетенттүүлүк дегенди кандай түшүнөсүз? Кесиптик компетентүүлүк боюнча кайсы компетенттүүлүктү алдыныз? Эмненин негизинде алдыныз?

**Төртүнчү суроо.** Жумушунуздун экинчи бабында кандай изилдөө

методдорун колдондунуз?

**Изденүүчү:** Үчүнчү суроого жообум төмөнкүдөй: Кесиптик компетенттүүлүк – бул жогорку окуу жайларынын педагогикалык билим берүүнүн дисциплиналары аркылуу калыптанган билим, машыгууларынын жыйындысы. Стандартта көрсөтүлгөн компетенциялардын негизинде биз төмөнкү адистик компетенттүүлүктөрдү алдык:

1. Студенттердин ден соолугун камсыз кылуучу компетенттүүлүк.
2. Студенттердин эмоционалдык (психологиялык) ден соолугун камсыз кылуу компетенттүүлүк .
3. Студенттердин социалдык ден соолугун камсыз кылуучу компетенттүүлүк.
4. Кыймылдуу компетенттүүлүк.

**Изденүүчү:** Төртүнчү суроонузга: Экинчи бап боюнча биз сурамжылоо, байкоо жүргүзүү, талдоо, анализ, математикалык эсептөө методдорун колдондук.

**Жыйындын төрайымы:** Кожошкан Кудайбергенова суроoңузду бериңиз.

**Мусалиева К. К – ага окутуучу.** Айтыңызчы, жалпы канча илимий макалаңыз жарык көрдү?

**Изденүүчү:** Урматтуу Кожошкан Кудайбергеновна, суроонузга ырахмат! Жалпы 11 илимий макала жазылды. Анын ичинен 4 макала чет өлкөнүн, калган 7 макала Кыргызстандын илимий журналдарында жарык көрдү.

**Жыйындын төрайымы:** Аида Ормонбековна суроoңузду бериңиз.

**Джунушбаева А. О. – ага окутуучу.** Компетенттүүлүк менен компетенциянын айырмачылыгы эмнеде?

**Изденүүчү:** Урматтуу Аида Ормонбековна, суроонузга ырахмат.

Компетенция – бул (латын тилинен алганда “укуктуу ээ болуу”) – дегенди түшүндүрөт. Кайсы бир мекеме же адам ээ болгон укуктарынын жалпылыгы. Ал эми компетенттүүлүк – бул кыскача айтканда шайкештик, жөндөмдүү, иш билгилик дегенди түшүндүрөт.

**Жыйындын төрайымы:** Мадина Кожомкуловна суроонузду бериңиз.

**Мамбетова М. К. – педагогика илимдеринин кандидаты., дене тарбия жана спорттун теориясы жана методикасы кафедрасынын башчысы.** Сизге суроом төмөндөгүчө: илимий макалаларыңыз КР УАКтын талаптарына ылайык басылмалардан чыгарылдыбы? Экинчиси: Илимий ишиниз эки адистик боюнча болгондуктан дене тарбия багытында жарык көргөн макаларыныз жетиштүүбү, импакт фактору канча сандан жогору турат?

**Изденүүчү**: Урматтуу Мадина Кожомкуловна, суроонузга ырахмат. Ооба, илимий макалалар КР УАКтын талаптарына ылайык журналдардан басылып чыгарылды. Мисалы: Международный журнал Гуманитарных и естественных наук атуу журналда эки макала, ал эми Наука новые технологии и инновации Кыргызтана атту журналдарда бир канча макала жарык көрдү. Кийинки суроонузга жооп берсек, албетте дене тарбия багытында тогуз коргоол боюнча жети сегиз макала Кыргызстандын жана чет элдик журналдарда жарык көргөн. Импакт фактору 0.2 ден жогору.

**Жыйындын төрайымы:** Менимче изденүүчү бардык суроолорго канааттандырарлык жооп берди. Дагы кимде кандай суроолор бар? Эгерде башка суроолор жок болсо, кийинки процедурага өтөлү. Алгачкы сөз илимий жетекчи Токсонбаев Рыскелди Нурманбетовичке берилет.

**Токсонбаев Р. Н. – педагогика илимдеринин доктору, профессор**: Урматтуу кесиптештер, биринчиден бүгүнкү жыйынга келип, катышып бергенинииздер үчүн рахмат айтабыз. Ар бириниздер илимий ишти дыкаттык менен окуп чыгыпсыздар. Чындыгында көп жылдык тарыхы бар тогуз коргоол оюну тууралуу иштин жазылып жаткандыгы актуалдуу. Сиздердин жогоруда айтылган кемчиликтерди, сунуштардын баарын эске алып, оңдоо, түзөө иштерин жүргүзөбүз.

**Жыйындын төрайымы:** Анда эмесе, кийинки сөз рецензенттерге берилсин: Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент М. К Саралаевге сөз берилет.

**Саралаев М. К. – педагогика илимдеринин кандидаты., доцент**. Урматтуу кесиптештер, бул диссертациянын карап чыктым. Изилдөөнүн темасы актуалдуу экен, жаңылыктары менен айырмаланып турат жана практикалык маанилүүлүгүндө шек жок. Бирок, диссертациянын тексттин даярдоодо көп эле мүчүлүштүктөр кездешти. Ошолордун кээ бирөөнү атап кетейин:

Биринчиден, илимий иште төрт маселе көрсөтүлгөн. Төрт маселе көрсөтүлсө, баптары дагы төртөө болуш керек, андай жок. Ошон үчүн үч эле маселе койсо болмок.

Экинчиден, тексттин 56-66-беттери туура басылбай калган, бул талапка ылайыктуу эмес болуп калат.

Эксперимент боюнча жалпылап эле айтып жатасыз, негизи ушул көрсөткүчтөрдү факт менен даана көрсөтүп, кайсы учурда студенттердин компетенттүүлүгүн калыптандырышыңыз керек. Ушул маселени тактап койсоңуз илимий жаңылыгы мындан дагы жакшы болот. Мисалы: ордо оюнун ала турган болсок, чүкөнү черткенди үйрөнгөн болсо, ошол компетенттүү деп аталат.

Эксперименттик бөлүмдүн башында студенттердин саны, жашы, даярдыгы бардык жактан бирдей болуш керек. Айтылган кемчиликтерди туура кабыл алып, толуктайсыз деген ойдомун.

**Жыйындын төрайымы:** Кийинки сөз, рецензент педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. А. Ж. Айбалаевге берилет.

**Айбалаев А. Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты., доценттин м.а.** Урматтуу кесиптештер! Мен, Кенжегүл Пазыловнанын диссертациясын карап чыктым. Диссертациялык иш актуалдуу. Биздин окуу жайдан башка ЖОЖдордо тогуз коргоол боюнча эч бир адистик кесипке даярдай элек. Мисалы: Ош, Жалал-Абад, И. Арабаев ж.б. университетерде факультеттер бар. Бирок, улуттук спорттун түрү боюнча атайын адистерди терең даярдашпайт. Ошол себептен актуалдуу жагын алып, түптөө керек . Кийинки учурда “компетенция” менен “калыптандыруу” – деген сөз актуалдуу

болууда.

Ар бир бап боюнча жыйынтык чыгарып койсонуз туура болот. Корутунду бул бардык баптардын жыйынтыгы дегенди түшүндүрөт. Шилтемени азыркы окумуштуулардын, академиянын окутуучуларынын эмгектеринен берсениз жакшы болмок. Эки шифр менен кетип жаткандыктан 13.00.04 – дене тарбия боюнча дагы макала чыгаруу менен УАКтын талаптарына ылайык илимий ишти тездетиш керек. Анда сиздерге ийгилик каалайм.

**Жыйындын төрайымы:** Урматтуу кесиптештер! Анда эмесе, талкууга өтсөк.

**Иманалиев Т. Т. – педагогика илимдеринин кандидаты., профессор**. Урматтуу кесиптештер! Кенже Пазыловнанын дисертациялык ишинде мүчүлүштүктөр бар экен. Биринчиден которууга келгенде "динамикалык, демократташтырылган" – деген сөздөр кездешип жатат, мына ошол сыяктуу сөздөрдү жөнөкөй сөздөр менен ондосо талапка ылайык болот. Диссертациялык ишинин мазмунунда бөлүм, кээ бир жерлерде глава деп жүрөт ошону бап деп ондош керек. Компеттентүүлүк сиздин ишиниздеги эң негизги түйүндүү сөз болгондуктан стандарт менен компетентүүлүктү жаттап алышыныз керек, анткени сиздин ишиңиз компетенттүүлүк менен байланышкан. Айтылган кемчиликтерди эске алып, толуктап анализдеп, мындан аркы ишиңизге көнүл бурсаныздар. Ийгилик каалайм!

**Абдуллаев М. Т – педагогика илимдеринин кандидаты.** Урматтуу кесиптештер! Кенже Пазыловнанын жазган диссертациялык ишинин электрондук вариантын карап чыктым .Темасы актуалдуу. Анткени тогуз коргоол оюну акыркы учурда кызыктуу, интелектуалдуу акыл оюндардын ордун толуктап келет. К.П. Манашеваны изилдөө ишинде жакшы материалдар бар. Бирок баары аралашып калган. Ушул материалдарды тактап, толуктап сөздөрдү мазмундарды өз ордуна коюп китеп жыйгандай жыйып койсо калыбына келип калат. Азыркы учурда тогуз коргоол боюнча мугалимдер аз. Улуттук оюндарды ар бир кыргыздын атуулу билиш керек

ойнош керек. Улуттук оюндар боюнча китептерди жана окуу материалдарын көбөйтүш керек. Кенжегүл Пазыловнага жардам берели жана ийгилик каалайлы.

**Айбалаев А. Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты., доценттин м.а.** Урматтуу кесиптештер! Улуттук спорттун түрү азыркы мезгилде эң актуалдуу темалардын бирин түзөт. Эң негизгиси айтылган кемчиликтерди эске алып бул жумушту аягына чыгарышыңар керек. Мен бул илимий ишти колдойм жана ийгилик каалайм!

**Мусалиева К. К. – ага окутуучу.** Кенжегүл Пазыловнанын темасынын актуалдуулугунда шек жок. Жогоруда айтылган агайлардын кемчиликтерин баары сиз үчүн жакшы нерсе деп ойлойм, анткени ушул кемчиликтердин үстүнөн иштеп отуруп такшаласыз . Ошондуктан бардык кемчиликтерди эске алып, кайра карап, ондоо, түзөө иштерин жүргүзүңүздөр. Ишинердин алдыга жылышына ийгилик каалайм.

**Мамбетова М. К. – педагогика илимдеринин кандидаты.** Ооба, тема өтө кызыктуу, бирок көп кемчиликтерди көрүп турам. Анын баарын жоёсуздар деген ойдомун. Практикалык сунушка дагы кошуп толукташ керек. Мен да бул илимий ишти колдойм жанан ийгилик каалайм.

**Исакова Ж. Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты.,доценттин м.а.** Кенже Пазыловнага каалоо катарында айтып кетейин: бул өтө зарыл илимий ишти аткарууда бир канча техникалык, грамматикалык жана стилистикалык каталар байкалат, алардын баарын жоюу зарыл. Диссертацияда тиешелүү материалдар бар, бирок дагы кененирээк токтолуп, акыркы жылдардагы тема боюнча авторлордон көбүрөөк кошуу керек. Мисалы: Анаркулов Х.Ф.,Саралаев М.К., Айбалаев А.Ж., М.С. Кийзбаев ж.б.

**Жыйындын төрайымы:** Бул диссертацияны коргоого сунуштаса болот, изденүүчү педагогика илимдеринин кандидаты болууга татыктуу экендигин жасаган докладдан суроолорго жооп берүүсүнөн, материалды терең билгенинен көрүнүп турат, бул теманын үстүндө көп жылдар бою эмгектенип өзүнүн практикалык иш-аракетин чагылдырган.

Биз бул диссертация боюнча бүтүм кабыл алышыбыз керек.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫ ТАЛКУУЛООДОН КИЙИН ТӨМӨНКҮДӨЙ БҮТҮМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:

I. **Изилдөөнүн актуалдуулугу**. Азыркы коомдо билим берүү системасы социалдык, өндүрүштүк жана рыноктук кайра түзүүлөрдүн катарында өнүгүп жатат. Кесиптик жогорку билим берүү чөйрөсү улам барган сайын бир топ маанилүү коомдук шарттардын өсүп - өнүгүшүнүн негизинде болочок интелектуалдык капиталын өстүрүүчү олутуу бөлүгү болуп калууда. Азыркы педагогикалык илимде жаны методологиялык көз караштар пайда болуп, жаны инновациялык процесстерге жолдор ачылып болочок мугалимди окутууда жана тарбиялоодо жаңы билим берүү программалары иштелип чыгууда. Жаңы кылымдын адистеринин кесиптик компетентүүлүгүн калыптандыруу маселеси каралган. Кыргызстандын билим берүү аймагында компетенттүү мамиленин негизинде өсүп-өнүгүү тенденциясы зор мааниге ээ болууда. Азыркы мезгилде изилдөө проблемасы боюнча илимий-педагогикалык адабияттардын анализи көрсөткөндөй болочок мугалимдин жалпы кесиптик компетенттүүлүгүнө, анын ичинде адистик компетентүүлүктү калыптандыруу проблемасына өтө көп көңүл бурулууда. Педагогикалык илимдеги жаны муундагы кадрларды даярдоодо жаны инновациялык мамилелер менен мүнөздөлөт. XX кылымдын билим берүүчү программасы өзүнүн маанисин жана мүмкүнчүлүгүн жоготуп, азыркы билим берүү аймагында жаны стратегиялык багыттар иштелип чыгууда. Аталган проблеманы чечүү максатында дене тарбия мугалимдерин кесиптик компетентүүлүгүн калыптандыруусу өзүнчө илимий системасы катары негизделип, жаңыча иштелип чыгып жана керектелүүчү педагогикалык шарттары аныкталышы керек.

II. **Изилдөөнүн максаты:** дене тарбия багытында окуган студенттердин тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууну теориялык жактан негиздөө жана аны ишке ашыруунун

жолдорун иштеп чыгуу.

**III. Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Дене тарбия багытында окуган студенттердин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий – теориялык жана практикалык абалын талдоо;

2. Тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн моделин түзүү жана натыйжалуулугун педагогикалык эксперименттин жардамы менен текшерүү.

3. Дене тарбия багытында окуган студенттердин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун критерийлерин, деңгээлин, көрсөткүчтөрүн иштеп чыгуу

**IV. Изилдөөнүн теориялык мааниси :**

– изилдөөнүн негизинде иштелип чыккан илимий-теориялык жоболордун негизинде практикалык сунуштарды дене тарбия багытында окуган студенттердин тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда колдонулат;

– заманбап окутуу технологиялары аркылуу дене тарбия багытындагы тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында колдонууну негиздейт;

– атайын курс, иштелген контролдук иштердин жыйнагы, интерактивдүү компьютер аркылуу окутуу программа студенттердин тогуз коргоол боюнча компетенттүүлүгүн жогорулатуу максатында сунушталат.

**V. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

– дене тарбия багытындагы окуган студенттердин тогуз коргоол боюнча компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык негиздери аныкталды;

– тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнүн модели түзүлдү жана моделдин натыйжалуулугу педагогикалык эксперименттин жардамы менен көрсөткүч компетенттери иштелип чыкты;

– дене тарбия багытында окуган студенттердин тогуз коргоол

боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун критерийлерин, деңгээлин жайылтуу.

Диссертациялык иштин жүрүшү жана жыйынтыктары КМДТжСАнын, Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде, илимий методикалык семинарларда, эл аралык, республикалык илимий практикалык конференцияларда талкууланды.

**VI. Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын ишенимдүүлүгү жана жыйынтыктардын негиздүүлүгү** алдыга коюлган максат, милдеттерге шайкеш методдорду колдонуу, тажрыйба-эксперимент иштери, эксперименттин жүрүшүндө алынган маалыматтарды ар тараптан изилдөө аркылуу камсыздалган.

**VII. Диссертациянын материалдарын берүүнүн толуктугу:**

1. Манашева, К. П. Кыргыз цивилизациясындагы кыз келиндер оюну [Текст] / К. П. Манашева, М. Т. Абдуллаев, Г. Т. Малаева // Дене тарбия жана спорт жарчысы. Бишкек –2018. №3 (22). 3 - 8 бб.

2. Манашева, К. П. Денежные нормы питания воспитанников республиканского спортивного колледжа им. Ш. Сыдыкова [Текст] / К. П. Манашева, К. М. Арпачиев, Г. Т. Малаева // Физическое воспитание и спорт-взгляд в будущее: Интеграция науки и цифровых технологий в образование и практику: материалы международной научной конференции. Москва – 2022 19-24 бб.

3. Манашева, К.П. Тогуз коргоол оюнунун компетенттүүлүккө негиздеп окутуу [Текст] / К. П. Манашева // Актуальные научные исследования в современном мире. – Переяслав 2022. Выпуск 2 (82). Часть 5.172 – 178 бб.

4. Манашева, К. П. Тогуз коргоол боюнча адистик компетенцияларын калыптандыруу. Актуальные научные исследования в современном мире: материалы международной научной конференции. – Переяслав, 2023.

5. Манашева, К. П. Тогуз коргоол оюну аркылуу студенттердин логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү [Текст] / К. П. Манашева, У. К. Тажибаева // Түрк элдеринин салттуу спорт оюндары XII эл аралык симпозиуму. – 2023.

300-303 бб.

6. Манашева, К. П. Тогуз коргоол улуттук оюнунун жаш муундарга тийгизген педагогикалык таасири [Текст] /К. П. Манашева, Г. Ж. Карагозуева, У. К. Тажибаева, К. Т. Чыныбеков // Известия Вузов Кыргызстана. – 2023. №5.273-276 бб.

7. Манашева, К. П. Кыргызстанда “тогуз коргоол”оюнунун өнүгүүсү жана калыптанышы. [Текст] / К. П. Манашева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2023. – №8.330-333 бб.

8. Манашева, К. П. Методика реализации педагогических условий этнопедагоического воспитания в системе школьного образования / [Текст] Н. О. Доронбаева, Р. Н. Токсонбаев, У. К. Тажибаева // Живая Психология. – Ростов-на-Дону, 2023. – Т.10. №8.(48). 63-70 бб.

9. Манашева, К. П. Тогуз коргоол Кыргыз улуттук оюнунун өсүп келе жаткан муундун калыптанышындагы мааниси жана өзгөчөлүктөрү [Текст]/ Н. О. Доронбаева, Р. Н. Токсонбаев, Г. Ж. Карагозуева, К. Т. Чыныбеков // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, 2024. – №1. 255-257 бб.

10. Манашева, К. П. Башталгыч класстын окуучуларын дене тарбия сабактарында кыргыздын элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруу [Текст]/ Н. О. Доронбаева, Р. Н. Токсонбаев, У. К. Тажибаева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, 2024. – №1. 237-240 бб.

11. Манашева, К. П. Формирование учебно-познавательной деятельности учеников начальных классов при обучении национальной игре “Тогуз коргоол” / [Текст] К. П Манашева // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – Новосибирск, 2024. – №3-3 (90) 162-165 бб.

12. Манашева К. П. Педагогические основы кыргызских национальных подвижных игр и игры “Тогуз коргоол” в развитие общепредметных компетенций обучаюшихся [Текст] // Международный журнал Гуманитарных и естественных наук. – Новосибирск, 2024. – №3-3 (90) 157-161 бб.

**Алынган натыйжаларды колдонуу боюнча сунуштар:**

1. ЖОЖдун окуу программаларындагы окуу курстарга (өзгөчө тогуз коргоол оюнун ) болочок кесиби менен байланыштырып окутууга маани берип компетенттүү мамиленин негизинде калыптандыруу сунушталат.

2. Окуу-тарбия иштерин жаны окутуу программаны иштеп чыгып, болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында жаңы окутуу технологияларды, заманбап техникалык каражаттарды колдонуу аркылуу окутуу зарыл.

3. Коомдун өсүп-өнүгүүсүндөгү өзгөрүүлөр: глобалдаштыруу проблемасы, рынок экономикасынын стратегиялык багытынын өсүшү, эл аралык мамилелердин кескин түрдө өзгөрүлүшү жана мугалимдик кесипке заманбап коюлган талаптар (гумандаштыруу процесстерди уюштура билүү, эл аралык мимилелерди чындоо багыттарды колдоно билүү, инсандар жана маданият аралык байланыштарды түзө алуу ж.б.у.с.), педагогика багытында окуган студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда жогоруда аталган заманбап талаптарды эске алынып тереңдетип окутуу керек.

Манашева Кенжегүл Пазыловнанын “Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери” аттуу диссертациялык изилдөөсү Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясы талап кылган илимий даражалар боюнча 9,11-пунктунун талаптарын канааттандырат, ал эми автордун илимий изилдөө темасы боюнча жарыяланган эмгектери диссертациянын илимий жана кесиптик жактан жетилгендигин, учурдун талабынын деңгээлинде олуттуу илимий изилдөөлөрдү жүргүзө алганын айгинелейт.

Актуалдуулугу, илимий теориялык мааниси, практикалык сунуштары бул эмгекти 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, саламаттыкты сактоо жана адаптивдүү дене тарбиянын теориясы менен

методикасы адистиктери боюнча коргоого сунуштоого болот – деп айтууга негиз берет.

Проблеманын кылдат иштелип чыгышы, актуалдуулугу жана илимий мааниси, сунуш кылынган жана колдонулган окуу куралдарынын теориялык жана практикалык пайдалуулугу, автор тарабынан иштелип чыккан илимий негиздерин терең жана ар тараптуу эксперименталдык текшерүүлөр педагогикага жана теорияга чоң салым кошо алат.

**Жыйындын төрайымы: Экинчи суроо боюнча.** Манашева Кенжегүл Пазыловнанын "Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери" аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, саламаттыкты сактоо жана адаптивдүү дене тарбиянын теориясы менен методикасы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы боюнча кошумча программасын карап чыгуу жана талкуулоо.

**Жыйындын төрайымы:** Биздин бүгүнкү кафедранын жыйыны Манашева Кенжегүл Пазыловнанын кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкуулоо менен өтүү жаңыдан кирген талап болуп жатат. Аткарылган диссертациялык иш боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы боюнча сөздү – педагогика илимдеринин кандидаты, М. Т. Абдуллаевге берди.

**Угулду: педагогика илимдеринин кандидаты, Абдуллаев М. Т.** Манашева Кенжегүл Пазыловнанын "Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери" аттуу темадагы аткарылган диссертациялык иштин кошумча программасы психологиялык-педагогикалык адабияттарды, илимий изилдөө методдорун жана анализдөө методдору камтылгандыгын атады. Изилдөөдө, дене тарбия багытындагы окуган

студенттердин тогуз коргоол боюнча компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык негиздери аныкталган; тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнүн модели түзүлгөн жана моделдин натыйжалуулугу педагогикалык эксперименттин жардамы менен көрсөткүч компетенттери иштелип чыккан; дене тарбия багытында окуган студенттердин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун критерийлери, деңгээли илимий негизделгендиги тууралуу айтып өттү.

Изденүүчүгө төмөнкү суроолор берилди:

**Халиалдаева А. С. – ага окутуучу, магистратура бөлүмүнүн башкы адиси.** Азыркы учурда дене тарбия багытындагы тандап алган спорттун түрү тогуз коргоол боюнча адистигин бүтүргөн студенттердин алдында кандайдыр бир көйгөйлөр жаралып жатабы?

**Изденүүчү:** Азыркы учурда негизги көйгөй болуп академиянын бүтүрүүчүлөрүнүн өзүнүн адистиги боюнча жумушка орношуу көйгөйлөрү жаралып жатат. Анткени тандап алган споттун түрү тогуз коргоол боюнча көп жогоркуу окуу жайларда тереңдетип окутулбай келет. Тандап алган спорттун түрү боюнча кесипке даярдоо бир гана Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясында жана Жалал-Абад мамлекеттик унуиверситетинде окутулганына байланыштуу болсо керек деп ойлойм.

**Джунушбаева А. О. – ага окутуучу.** Ишиниздеги изилдөөнүн теориялык маанилүүлүгү эмнеде?

**Изденүүчү:** Кыргызстандагы билим берүү мекемелерине тогуз коргоол оюнун билген дене тарбия адистерин даярдоодо жаны методологиялык жана методикалык билимдер менен дене тарбия теориясын байытышында турат. Тогуз коргоол оюну менен бирге акыл өстүрүү , физикалык, психологиялык сапаттары менен бирдикте өнүктүрүүнүн замамбап методологиясын аныктоону негиздейт, анда дене тарбия адаистеринин тогуз коргоол оюну боюнча компетентүүлүгүн калыптандыруу натыйжалуу каражаттарын, методдорун жана методикалык ыкмалардын комплекси колдонулат.

**Абдыбекова Н. А.– педагогика илимдеринин кандидаты., доценттин м.а.** Илимий ишинизде сиз кандай изилдөө методдорду колдондуңуз ?

**Изденүүчү:** Суроонузга ырахмат. Илимий изилдөө ишибизде биз төмөнкүдөй изилдөө методдорду колдондук:

1.Педагогикалык эксперимент жүргүзүү.

2. Анкета аркылуу сурамжылоо .

3. Педагогикалык байкоо жүрүзүү.

4. Архивдик материялдарды изилдөө.

**ТАЛКУУГА КАТЫШКАНДАР:**

**Иманалиев Т.Т. – педагогика илимдеринин кадидаты, профессор**. Бул изилдөөдө дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетентүүлүгүн калыптандырууда билим берүү системасынын өзгөчөлүктөрү, манызы жана мазмуну аныкталган, теориялык негиздери, азыркы учурда анын өнүгүүсүнүн негизги багыттары: жогорку билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу, билим берүүнү, илимди жана маданиятты илимий жана маданий чөйрөгө кошуу маселелери ачыкталган. Кыргызстандын жогорку билим берүү системасында учурда жүргүзүлүп жаткан реформалардын үч багыты боюнча билим берүүнү, илимди, инновацияны жана өндүрүштү интеграциялоо, академиялык жана финансылык потенциалды жогорулатуу үчүн университеттердин өз алдынчалыгын кенейтүүнүн жолдору көрөтүлгөн. Кошумча программа диссертациянын мазмунуна дал келет, ошондуктан бекитсек болот.

**Айбалаев Х. Ж. – педагогика илимдеринин кадидаты.** Изилдөө методдордун ичинен жетектөөчү метод катары, теориялык метод адабий жана архивдик булактарды, педагогикалык басма сөздүн материалдарын басымдуу көлөмүн пайдаланууда сурамжылоо, байкоо жүргүзүү, эксперимент жүргүзүү, изилдөө методдорун колдонулуптур.

**Абдыбекова Н. А. – педагогика илимдеринин кандидаты., доценттин м.а.** Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча

адистик компетентүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык жогорку билим берүү системасынын жалпы белгилерин жана өзгөчөлүктөрүн, жогорку билим берүүнүн абалын жана өнүгүү перспективаларын аныктоо менен салыштырма талдоо жүргүзүлгөн. Кошумча программа диссертациялык иштин мазмунуна дал келет, ошондуктан бекитүүнү сунуштайм.

**Жыйындын төрайымы:** Урматтуу кесиптештер,кКошумча программа боюнча дагы кимде кандай суроолор бар? Менимче диссертант жогоруда берилген суроолорго канаттандыраарлык жооп берди деп ойлойм. Башка суроонуздар жок болсо, Манашева Кенжегүл Пазыловнанын 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, саламаттыкты сактоо жана адаптивдүү дене тарбиянын теориясы менен методикасы адистиктери боюнча аткарган диссертациялык иш боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын бекитүү үчүн добуш берүүнү сунуштайм.

**ДОБУШ БЕРҮҮ: "Макул" – бардыгы. Бир добуштан кабыл алынды.**

Б. Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, психология жана дене тарбия тарбия тарыхы кафедрасы Манашева Кенжегүл Пазыловнанын «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» аттуу диссертациялык иши боюнча билдирүүсүн, суроолорго берген жоопторун жана жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин угуп, талкуулап төмөнкүдөй

**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:**

1. Манашева Кенжегүл Пазыловнанын диссертациясы боюнча бүтүмү бекитилсин.

2. Манашева Кенжегүл Пазыловнанын «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн

калыптандыруунун педагогикалык негиздери» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, саламаттыкты сактоо жана адаптивдүү дене тарбиянын теориясы менен методикасы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы КР УАКтын жобосунун 9,11 пунктуна толугу менен жооп берет деп эсептелсин жана коргоого сунушталсын.

3. Манашева Кенжегүл Пазыловнанын 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, саламаттыкты сактоо жана адаптивдүү дене тарбиянын теориясы менен методикасы адистиктери боюнча аткарылган диссертациялык иши брюнча кандидаттык экзамен үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы бекитилсин.

**Жыйындын төрайымы:** Ушул чечим кабыл алынсын десениздер, добуш берип коюнуздар, " Макул " – бардыгы, " Каршы " – жок, " Калыс " – жок. Бир добуштан кабыл алынды.

**Жыйындын төрайымы: педагогика илимдеринин кандидаты., доценттин м.а.** **Исакова Ж.Ж.**

**Жыйындын катчысы: педагогика илимдеринин кандидаты** **Тажибаева У.К.**

*Педагогика илимдеринин кандидаты., доценттин м.а. Ж. Ж. Исакованын жана педагогика илимдеринин кандидаты У.К.Тажибаеванын кол тамгаларын тастыктаймын.*

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ